# КЫРГЫЗ ТИЛИ КАФЕДРАСЫ



# ДЕКАДАНЫН ИШ ПЛАНЫ

| № | Иш чаранын аталышы | Мугалимдин аты - жөнү | күнү | класс |
|---|---|---|---|---|
| 1. | “23-сентябрь мамлекеттик тил күнү” | Жалпы жамаат | 23.09 | 1-11- класс |
| 2. | Б.Сарногоев “Эне тилин жакшы бил” (поэзия кечеси) | Меринова А.Э. | 25.09 | 8-класс |
| 3. | А.Осмонов “эне тилим, эне сүтүм” (илимий изилдөө) | Камчыбекова К.О. | 27.09 | 9-класс |
| 4. | “Эне тилим өз тилим” (диспут) | Ниязова Б.М. | 28.09. | 4-класс |
| 5. | “Элдин өлбөстүгү анын тилинде” Ч.Айтматов (аукцион) | Ачакеева Н.А. | 29.09. | 10-класс |
| 6. | “Тил илиминин жаралуусу” (тегерек стол) | Конурбаева Д.К. | 30.09. | 10-класс |
| 7. | “Эне тилибиздин тарыхы” (конференция) | Усенова Р.К. | 01.10. | 11-класс |
| 8. | “Эне тилдин берметтери” (дидактикалык оюн) | Мамытова Э.А. | 02.10. | 3- класс |
| 9. | “Эне тилин, эл билсин” (акыл ордо) | Бейшенова А.К. | 04.10. | 4-класс |
| 10. | “Адабияттын биринчи элементи - тил” М.Горький (саякат) | Айбашова С.А. | 05.10. | 7-класс |
| 11 | “Тил жөнүндө макал айтышуу”(мелдешүү) | Джумалиева Ж.А. | 06.10. | 2-класс |
| 12. | “Эне тилин унуткандар” Ш.Дүйшеев (жомок) | Томоева Г.Т. | 07.10. | 6-класс |
| 13. | “Тил –байлык” (ролдоштуруу) | Исаева Э.А. | 08.10. | 8-класс |
| 14. | “Эне тилин билбеген, элин сүйүп жарытпайт” (музыкалык тыныгуу) | Умурзакова Г.А. | 09.10. | 5-класс |

# КЫРГЫЗ ТИЛИ КАФЕДРАСЫ



# КЫРГЫЗ ТИЛИ КАФЕДРАСЫ



**Б.Сарногоев**

**“Эне тилин жакшы бил”**

(поэзия кечеси)

# Меринова Айзада Эшимбековна

Байдылда Сарногоевдин өмүр баяны жана чыгармачылыгы боюнча ачык сабакты мен 8а-класстын окуучуларына өттүм. Жазуучу Б.Сарногоев окуу программада жок болгондуктан, окуучуларга кызык болду деп ойлойм. Сабакта балдар акындын балалык кезиндеги оор турмушту башынан өткөргөндүгүн, жетимдер-интернатында окуп, тарбиялангандыгын билишти Доскада Б.Сарногоевдин портрети, сыйлыктары, жазган китептеринин жана чыгармаларынын сүрөтү илинди. Ошондой эле жазуучунун белгилүү акындар А.Токомбаев, Р.Шүкүрбеков, белгилүү жазуучу Ч.Айтматов менен түшкөн сүрөттөрү, Москвада окуп жүргөн кезиндеги түшкөн көптөгөн сүрөттөрү слайд түрүндө окуучуларга тартууланды. Менин оюмча окуучуларга акындын ырлары түшүнүктүү болду деп ойлойм, анткени сабакта уккан ырлар негизинен мекен жөнүндө, эл жөнүндө, эне жөнүндө окушту.Сөздүк менен иштөөдө доскада жазылган сөздөрдү которууда кыйынчылык деле болгон жок, бирок сүйлөм түзүүдө айрымдары бир эле сүйлөмдөн түзүп калышты. Анткени башталгыч группа болгондуктан, окуучуларга кыйыныраак болду деп эсептейм. Сабакты бышыктоодо окуучуларга кроссворд чечмелеттим, анда баардыгы позитивдүү маанайда активдүү катышып, жоопторду туура табышты. Сабак максатына жетти деп ойлом, анткени окуучулар мекенди, улутту, тилибизди баркташыбыз керектигин түшүнүштү.Кээ бирөө кыргызча жакшы сүйлөй албагандыгын мойнуна алып, өкүнүштү.

Сабакка коюлган максаттарыма толук болбосо да, жетиштим- деп айта алам.

# Меринова Айзада Эшимбековна





# КЫРГЫЗ ТИЛИ КАФЕДРАСЫ



**А.Осмонов “Эне тилим, эне сүтүм”**

(илимий изилдөө)

# Камчыбекова Кулмира Орозбековна

Кыргыз тили- Кыргыз Республикасынын негизги калкынын, кыргыз улутунун тили. Эне тилди суйуу ар бир атуулдун адамдык парзы, тагыраагы, эне тил-адамдын кан-жаны менен кошо буткон, боор эт менен тен, эч нерсе менен алмаштыргыс ыйык доолоту, сыймыгы.

Кыргыз тили байыркы бай тилдердин бири экендиги тарых барактарында маалымдалат. Бирок заманбап жашоо, технологиянын онугушу, неологизмдердин (жаны создор) пайда болушу да кыргыз тилине оз таасирин тийгизген. Андыктан кыргыз тилин кадырлоо, суйуу, онуктуруу тууралуу коптогон иш-чаралар, акциялар жургузулуп келет. Менин эн биринчи максатым окуучуларга эне тилин сактап онуктуруу, остуруу менен кызыктуу иш-чараларды откоруу. Иш чарамды откоруудо окуучуларга кызыктуу жана эн башкысы изденуу менен эске тутуп калышты деп ишенем. Окуучуларга сабак кызыктуу болду деп толук ишенем. Каада-салт, урп-адаттарыбызды сактап, макал-лакаптарды жатка билип, улуттук оюндарыбызды ойноп, куубузду чертип журсок, кыргыз тилибиз кылымдан кылымга жашаарын окуучуларга далил

# Камчыбекова Кулмира Орозбековна





# КЫРГЫЗ ТИЛИ КАФЕДРАСЫ




**“Эне тилим өз тилим”**

**(Диспут)**

# Ниязова Бактыгүл Меймановна

Окуучулардын мелдештеги жыйынтыктары, максаттын ишке ашышын текшерүү үчүн баалоо критерийлерин талдоонун негизинде сабак максатына жетти деп ойлойм. Сабакта окутуунун дидактикалык жана гигиеналык талаптары аткарылды. Окуучулар сабакка болгон кызыгуусун сабактын башынан аягына чейин көрсөтүштү,мелдеш аркылуу берилген тапшырмаларды аткарууда активдүү. Бири- бири менен атаандашып иштешти. Сабак калыптандыруучу баалоо ыкмаларын колдонуу менен окуучуларды демилгелөө, мактоо жана кубаттоо аркылуу эмоционалдык жакшы маанайда өттү. Бул иш-чараны өтүүдө бул технологиянын жардамы чоң мааниге ээ болду. Иш-чаранын максатында көрсөтүлгөндөй, окуучула өз эне тилин – мамлекеттик тилди билүү менен чет элдин маданиятынан дагы аз болсо дагы маалыматтарды алышты. Оозеки кебин калыптандыруу,сөз байлыгын өстүрүү максатында ырларды жатташты,берилген суроолорго жооп беришти.

# Ниязова Бактыгүл Меймановна



# КЫРГЫЗ ТИЛИ КАФЕДРАСЫ




Эне тилибиздин тарыхы

(Конференция)

# Усенова Раиса Касмакуновна

- инсандын өрнөктүү өмүр жолун окуучуларга  үлгү катары көргөзүү - Окумуштуунун калтырган эмгектери менен таанышуу

- өсүп келе жаткан кийинки муунга К. Тыныстановдун эмгектерин окуу менен кыргыз тилинин бай жана кыргыз эли үчүн баалуу экендигин жайылтуу. Ой жүгүртүүсүн, атуулдук сезимин өстүрүү; -Ынтымакка, Мекенди сүйүүгө үндөө;-Кыргыз тилине жана белгилүү инсандарга окуучулардын кызыгуусун арттыруу;Максаттарга жетүү үчүн төмөндөгү ишщтер жасалды:- Маалымат  чогултуу;- Слайд даярдоо;-Сабактын көргөзмөлүүлүгүн арттыруу;- Викторина түзүү.Окуучулар менен таанышып,ырларынан кабардар болушуп, ырларынан үзүндүлөрдү жатка айтышты.Бизге абадай керек болгон “ынтымак, абийир, Мекенди жана улутту сүйүү, эне тилди урматтоо “ ж.б түшүнүктөрүн бекемдешти. Сабак обьективдүү жыйынтыкталып,балдардын эмгеги эске алынды. Рефлексия көрсөткөндөй сабак позитивдик маанайда өттү.Сабактын оң учурлары деп төмөнкү учурларды эсептейм:-Сабак уюшкандыкта өттү;-Коюлган максаттардын жана талаптардын  жарымынан көбү ишке ашты;-Даярдалган материалдар толугу менен берилди.Сабактын жетишпеген жактары:-Окуучулардын аз санда катышышы- Сабактын жабдылышын дагы жакшыртуу

# Усенова Раиса Касмакуновна





# КЫРГЫЗ ТИЛИ КАФЕДРАСЫ




**"Элдин өлбөстүгү анын тилинде"**
**Ч.Айтматов** (аукцион)

# Ачакеева Нестан Алмазбековна

Бул класстан тышкары сабакты өтүүдө 10 – класстар менен иш алып бардым. Улуу, алп жазуучунун ааламына сүңгүп кирүү менен бирге, анын айткан ар бир учкул сөздөрүнө маани берип, өзгөчө «Элдин өмүрү – анын тилинде» – айткан кебинен улам, тил канчалык элдин жашоосу, тарыхы, маданияты, үрп-адаты менен тыгыз байланышта экенин далилдөөгө аракет жасадым. Сабактын форматы аукцион сабак болгондуктан классты эки топко бөлүп, жасалма акчалардын жардамы менен мен тараптан улуу жазуучу жөнүндө, тил жөнүндө суроо узатылып, ошол суроолорго жооп алып, алардын эс тутулун жакшыртуу максатын көздөдүм. Бул сабакка бир нече мугалимдер катышты. Балдардын эсинде жасалма жана чоң суммадагы акчалардын негизинде өтүлгөн ачык сабак эстеринде көпкө сакталып калат деген ишеничтелин. Ошону мене бирге берилген суроолордун жооптору дагы кызыктуу жана эсинде каларлык болот деп ойлойм.

# Ачекеева Нестан Алмазбековна









# КЫРГЫЗ ТИЛИ КАФЕДРАСЫ



**“Тил илиминин жаралуусу”**

(тегерек стол)

# Конурбаева Дамиргүл качагановна

Билимдерин ,билгичтиктерин өздөштүрүү Ойлорун толук айта билүүгө көнүктүрүү. Берилген суроолорго так толук жооп берүүгө көнүктүрүү. Окуучулар кыргыз тилинин тарыхын билишет.Кыргыз алфавитинин тарыхта сакталып калышына себепкер окумуштуулар жөнүндө өз пикирлерин айта алышат. Кыргыз эли оор жолду басып өттү ошону менен бирге өз тарыхын,өз эне тилин да кылымдан-кылымга сактап келе жатат. Кыргыз тилинин тарыхы жөнүндө бер Сабак өз максатына толук жетти,Кыргыз тилинин тарыхы жөнүндө маалымат,түшүнүктөрү толук бар. илген суроолорго .өз ойлорун айта билүү.Тарых жөнүндө жарыш сөзгө чыгуу.Суроолорго так жооп берүү.

# Конурбаева Д.К. 11- класс





# КЫРГЫЗ ТИЛИ КАФЕДРАСЫ




**“Эне тилдин берметтери”**

(дидактикалык оюн)

# Мамытова Элзира Абыловна

Иш-чараны дидактикалык баяндоо  түрүндө өттүм.Бул өз кезегинде окуучулардын темага болгон кызыгуусун арттырууга шарт түздү.Башталгыч класстын окуучулары болгондуктан,бул курагында балдар абдан дилгир болушат.Ушул курагында аларды окууга, жаңы,тааныш эмес темага дагы кызыктырууга мүмкүнчүлүктөр арбын.Анткени азыр маалымат технологиясы абдан өнүккөн мезгил.Ошондуктан бул иш-чараны өтүүдө бул технологиянын жардамы чоң мааниге ээ болду.     Иш-чаранын максатында көрсөтүлгөндөй. Окуучулардын өз эли-жерин, эне тилибиз – мамлекеттик тилди, ата-бабадан калган улуу мурастарды урматтап аздектөөсү үчүн түрдүү булактардан маалыматтарды: аудио,слайд.видео түрүндө көрсөтүлдү.Оозеки кебин калыптандыруу,сөз байлыгын өстүрүү максатында ырларды жатташты,берилген суроолорго жооп беришти. Акындын ырларынын негизинде эне тилин сүйүүгө болгон кызыгуусун арттырууга,кругозорун кеңейтүүгө,сөз байлыгын өстүрүүгө жетиштим.

# Мамытова Элзира Абыловна





# КЫРГЫЗ ТИЛИ КАФЕДРАСЫ




**"Эне тилин,**
**эл билсин"**

**(акыл ордо)**

# Бейшенова Айпери Калысбековна

Максаты: Окуучулардын  кыргыз-тили, сабагында алган билимдерин өркүндөтүп.дүйнө таанымын өстүрүү.

Бабаларыбыздын дөөлөтүн, эне тилди, кыргыз адабиятын, касиеттүү каада-салттарыбызды жаш муундарга үйрөтүп өткөрүү.

Окуучуларды мекенчик болууга, Манас атабыздай айкөлдүккө, Каныкей энебиздей кыраакы, акылман болууга, кыргыз тилинде так, туура, көркөм сүйлоого, каада-салт, үрп- адаттарыбыздын учугун улап, унутпай колдонуп, кийинки урпактарга да үйрөтүп, кастарлоого тарбиялоо.


Сабакта окуучуларга айтайын деген оюмду толук жеткире алдым. Балдарга эне тилибиздин кадырын көтөрүп, маектешип, алардын оюн да угуу менен бирге талкуу жүргүзө алдым. Акылынын жетишинче окуучулар маалымат алышты. Демек, класстан тышкаркы иш чарам максатына жетти.

# Бейшенова Айпери Калысбековна





# КЫРГЫЗ ТИЛИ КАФЕДРАСЫ





**“Адабияттын биринчи элементи - тил” М.Горький**

(саякат)

# Айбашова Сайра Айыповна

Бул класстан тышкаркы сабакты өтүүдө 7-класстар менен иш алып бардым. Тил канчалык элдин жашоосу, тарыхы, маданияты, үрп-адаты, кулк-мүнөзү менен тыгыз байланышта экенин көрсөтүп далилдөөгө аракет жасадым. Сабактын форматы саякат сабак болгондуктан классты “Супара” этно комплексинде ачылган интерактивдик музейге алып барып, ошол жакта окуучулар менен музейдеги гиддин жардамы менен өтүүнү туура көрдүм. Бул сабакка кафедра завучу Раиса Касмахуновна катышты.Сабактын жакшы жактарын санасак:Интерактивдүүлүгү, жандуулугу,өзгөчө атмосферасы, кыргыз элинин турмушу тиричилик жабдыктарынын окуучуларды курчап турушу ,алардын тил менен байланышы, эски сөздөрдүн кайсы тилинен алынганын гиддин түшүндүрүп берүүсү, окуучулар буюмдарды колу менен кармап тархты элестетүүсү, балдардын жандуу кызыгуусу... жана башка ушул сыяктуу сонун шартта сабак өтүлдү десем жаңылышпайм.Балдардын эсинде бул сөздөр жана аңгемелер,маектер көпкө эстеринде калды деген ишеничим чоң. Максатта жазылган критерийлер аткарылды десем да адашпаган болом, себеби бул саякат сабагынан кийин биз балдар меен сабакты талдап тыянак чыгардык: алар өз эне тилин ,Мекенин ,каада салтын, Манасын унутпай дагы терең үйрөнүүгө дилгирлигин билдиришти.

# Айбашова Сайра Айыповна







# КЫРГЫЗ ТИЛИ КАФЕДРАСЫ




**“Тил жөнүндө макал айтышуу”**

(мелдешүү)

# Джумалиева Жылдыз Асылбековна

Иш-чараны мелдешүү түрүндө өттүм. Мелдешүү түрүндө өтүү окуучулардын сабакка жана ошондой эле темага болгон кызыгуусун арттырууга өбөлгө түздү. Башталгыч класстын окуучулары болгондуктан, аларды окууга, жаңы тааныш эмес макалдарга, сөздөргө кызыктырууга мүмкүнчүлүктөр, мисалдар көп. Жаңы теманы түшүндүрүүдө азыр маалымат технологиясы абдан өнүккөндүктөн, иш-чараны башкача айтканда ачык сабакты өтүүдө технологиянын жардамы чоң мааниге ээ болду. Окуучулар күнүмдүк өтүлүүчү сабакта макалдарды көп чечмелеп, окубагандыктан, интернеттин жардамы менен көптөгөн макалдарды сүрөт жүзүндө окуй алышты. Балдар дагы көрсөтүлгөн сүрөт жүзүндөгү макалдарды кызыгуу менен окуп, чечмелеп бере алышты, берилген тапшырмаларды да изденүү менен аткарып келишти. Төмөндөгү сабактын максаттарында көрсөтүлгөндөй макалдардын маанисин балдарга сыналгынын жардамы менен слайддарды көрсөтүү аркылуу тааныштырдым. Ошону менен бирге балдарга жагымдуу маанай тартылоочу видео ролликтерди көрсөттүм. Сабак мелдешүү түрүндө болгондуктан, алгач мелдешүү жөнүндө түшүнүк бердим.Бир гана макалдарга чектелбестен, ырларды көркөм окууга үйрөнө адышты. Ошонун негизинде ар бир берилген тапшырмаларды туура, так аткара алышты. Көптөгөн макалдарды кайталап окуп, ар кандай жакшы нукка бөлгөн тарбия берүүгө,эне тилин сүйүүгө болгон кызыгуусун арттырууга, сөз байлыктарын өстүрүүгө өбөлгө түзө алдым. Иш-чаранын соңунда топто жакшы иштеген балдар мактоо баракчасы менен сыйланды. Сабак өз максатына жетти десем жаңылышпайм!

# Джумалиева Жылдыз Асылбековна





# КЫРГЫЗ ТИЛИ КАФЕДРАСЫ



**“Эне тилин унуткандар” Ш.Дүйшеев**

(жомок)

# Томоева Гүлнара Толалиевна

Негизги максат – окуучулардын өз пикирин ынандырарлык жана сабаттуу билдирүү жөндөмүн өнүктүрүү; ойлоо жөндөмүн, өз көз карашын далилдөө; тилди өздөштүрүүдө, сөз байлыгын кеңейтүүнү камтыган сүйлөө компетенциясын калыптандыруу. Окуучулар кыргыз тилинде өз ойлорун жеткиликтүү түшүндүрө алышпайт. Андыктан, текстти кайра айтууну жана сахналаштыруу ыкмасын колдонуу, коюлган максатка жетүү деп эсептейм.Бул сабак окуучулардын Шайлообек Дүйшеевди адам жана жазуучу жөнүндөгү билимин байытуу максатында өткөрүлдү. Шайлообек Дүйшеев чыгармаларынын негизги идеясын түшүнүү жана үйрөтүү маанилүү. Менин эң башкы милдетим - окуучулардын ойлору менен сезимдерин бир убакта иштетүү. Сабактын башында эмоционалдуу мамиле түзүүдө, “Кыргыз тилин  барктайлы!” видеоклипин көрсөттүм.Сабактын максаттарына жетүүгө мүмкүндүк берген башка формаларды жана ыкмаларды колдондум: Шайлообек Дүйшеевдин аңгемелерине негизделген клиптерди; башка улут өкүлдөрүнүн кыргыз тилинде окуган ырын угуздум. Бул ыкмалар кыргыз тилине болгон мотивациянын жогорулашына өбөлгө түзөт деп эсептейм. Андан тышкары сабакка презентация жасалды, айрым элементтерди ачык көрсөтүүгө жардам берди. Презентацияны сабакта колдонуу предметке болгон кызыгууну өнүктүрүүгө өбөлгө түзүлдү.Ошентип, ар кандай ыкмаларды колдонуу менен Шайлообек Дүйшеевдин "Эне тилинин унуткандар" ыр саптарынын тереңдигин, олуттуу маанилүүлүгүн окуучуларга жеткирдим деп ишенем.Бул сабакты иштеп чыгууда мен өзүмө төмөнкү милдеттерди койгом: Шайлообек Дүйшеевдин өмүр баянын, ырларынын терендигин, чыгармалардын мазмунун терең түшүндүрүү. Милдет толугу менен аткарылды. Окуучулардын таанып - билүү иштерин, окуу ишмердүүлүгүн ийгиликтүү деп эсептесе болот. Сабактын бардык этаптарына бөлүнгөн убакыт сарамжалдуу пайдаланылды. Сабактын структуралык элементтери бири - бири менен байланышкан, бир этаптан экинчи баскычка логикалык өтүү ишке ашырылган.Мен класстын кызыгуусу үчүн окуу материалынын бардык мүмкүнчүлүктөрүн колдондум: көйгөйлүү кырдаалдарды түздүм, көз карандысыз ой жүгүртүүнү активдештирдим, окуучулардын кызматташуусун уюштурдум, балдардын ийгилигине чын дилимден кызыгуу көрсөттүм.

# Томоева Гүлнара Толалиевна







# КЫРГЫЗ ТИЛИ КАФЕДРАСЫ



“Тил – байлык” (ролдоштуруу)

# Исаева Эркина Асековна

Быйылкы окуу жылындагы кафедранын декадасы 23-сентябрь - эне тил күнүнө карата багыттагы тапшырманын негизинде болду.

Менин темам «Тил-байлык» ар бир жер жүзүндөгү элдердин айрымдарынын тилге болгон мамилеси, өзгөчөлүгү жана айырмачылыктары жөнүндө 8-класстардын окуучулары менен иш чара өткөрдүм. Окуучуларга англисче, орусча, кыргызча, корей элдеринин улуттук кийимдери, тили жана айрым маданияты тууралуу кейипкер катары аткарып берүүлөрүн талап кылдым. Балдар өз алдынча даярданып келип, кийимин көрсөтүп тил жөнүндө тарыхтан кыскача айтып беришти, көргөзүп беришти.

Менин иш чара үчүн коюлган максатым: ар бир тилде сүйлөгөн адамзаттын артыкчылыгы жана өзгөчөлүгүн ролдоштуруп берүү эле.

Өз максатыма толук жеттим.

# Исаева Эркина Асековна









# КЫРГЫЗ ТИЛИ КАФЕДРАСЫ



**“Эне тилин билбеген, элин сүйүп жарытпайт”** (музыкалык тыныгуу)

# Омурзакова Гулира Алымкуловна

Класстан тышкаркы иш чараны аяктоо алдында музыкалык тыныгуу эс алуу «Эне тилин билбеген, элин сүйүп жарытпайт» деген аттуу адабий кеченин негизинде окуучулар кыргыз тилинде обондуу ырларды ырдоо, көркөм айтуу, бий бийлөө, акыйнек айтышуу аркылуу кыргыз тилине болгон жылуу сезимдерин, кызыгууларын ойгото алдым.

Кыргыз тилин бөтөн тил катары окутулган мектеп болгондуктан, окуучуларга ыр, бий аркылуу эне тилге болгон мамилесин өркүндөттүм. Катышуучулага жагымдуу маанай тартуулай алдым. Мен иш чарага койгон максатыма толук жеттим.

# Омурзакова Гулира Алымкуловна





# Жыйынтыктоо

2021- 2022- окуу жылында кыргыз тили жана адабияты кафедрасы декаданы эне тил күнү менен бирге өткөрдүк. Кафедранын жамааты толук катышып, ар бирибиз класстан тышкаркы иш чараны тилибизге арнадык. Сабактарын формасын өзгөчөлөнтүп, окуучулар үчүн кызыктуу иштерди аткардык. Ошондой эле кесиптештерибиздин өнөрүнөн өзүбүз үчүн да тажырыйба топтоп алдык. Биздин максатыбыз мектеп жашындагы балдарга кыргыз тилиде сүйлөтүү жана эне тилибиздин артыкчылыгын баалоо. Ар бир иш күнүбүздү ушул өңүттө башоодон талбай эмгектенип келебиз!